# Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2017-жылдын август айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик казына облигацияларын (мындан ары - МКО) жайгаштыруу боюнча эки аукцион өткөрүлгөн. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде МКОго карата суроо-талап ага жарыяланган эмиссия көлөмүнөн 43,8 пайызга төмөн болгон, казына облигациялары кошумча жайгаштырылган эмес.

Аукциондордо МКОнун жарыяланган эмиссия көлөмү 850,0 млн сомду түзгөн, бул өткөн айга караганда 41,7 көп. Ушуну менен катар эле МКОго карата суроо-талап 590,9 млн сомду түзүү менен өткөн айга салыштырмалуу 23,3 пайызга төмөндөгөн. Натыйжада, рыноктун катышуучулары тарабынан 575,9 млн сом жалпы суммасына 2 жана 7 жылдык МКО сатылып алынган.

Отчеттук мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү негизинен жогорку ликвиддүү 7 жылдык МКОну сатуудан улам, 5,3 п.п. көбөйүү менен 15,8 пайызды түзгөн.

Өтүп жаткан жылдын август айынын жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдө МКО көлөмү 19,3 млрд сомду түзүү менен жыл башынан тартып 40,9 пайызга өскөн. Ал эми МКОго ээлик кылуучулар түзүмүндө институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 60,7 пайызга чейин (-2,3 п.п.) төмөндөшү катталган, коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 38,6 пайызга чейин (+2,2 п.п.) жогорулаган, мында юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 0,7 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

Ошентип, отчеттук айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрацияланууу индекси 0,34 (-0,44) түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто үч негизги инвестордун катышкандыгына дал келет.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде МКО менен операциялар экинчилик рыногунда ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. Инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.09.2016 | 11 288 061,3 | 4 360 364,9 | 38,6 | 6 884 533,4 | 61,0 | 43 113,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.10.2016 | 11 563 561,3 | 4 422 089,3 | 38,2 | 7 095 809,0 | 61,4 | 45 613,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.11.2016 | 11 646 061,3 | 4 537 941,4 | 39,0 | 7 062 456,9 | 60,6 | 45 613,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.12.2016 | 12 417 661,3 | 4 747 209,6 | 38,2 | 7 584 588,7 | 61,1 | 85 813,0 | 0,7 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2017 | 13 698 111,3 | 4 983 163,1 | 36,4 | 8 629 085,2 | 63,0 | 85 813,0 | 0,6 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2017 | 14 026 261,3 | 5 318 167,4 | 37,9 | 8 612 280,9 | 61,4 | 95 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.03.2017 | 15 086 261,3 | 5 968 583,8 | 39,6 | 9 021 864,5 | 59,8 | 95 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| 01.04.2017 | 15 242 261,3 | 6 093 383,8 | 40,0 | 9 032 864,5 | 59,3 | 116 013,0 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.05.2017 | 16 042 261,3 | 6 658 175,0 | 41,5 | 9 271 073,3 | 57,8 | 113 013,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.06.2017 | 17 002 261,3 | 7 025 135,2 | 41,3 | 9 854 005,1 | 58,0 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.07.2017 | 17 492 261,3 | 7 036 419,6 | 40,2 | 10 332 720,7 | 59,1 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.08.2017 | 18 731 111,3 | 7 140 239,8 | 38,1 | 11 465 900,5 | 61,2 | 124 971,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.09.2017 | 19 307 011,3 | 7 444 739,8 | 38,6 | 11 721 900,5 | 60,7 | 140 371,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |